Келбей калсаң айткан жерге кечигип,
Келээр жакты тиктей берем тешилип.
Көргөн кезде караанынды алыстан,
Жаш баладай кубанамын секирип.

Чарчап келип жумушуңдан чечинип,
Жатып калсаң диваныңда көшүлүп.
Мен да жатсам чарчадым деп, инамбиз
Чырт эткизип светтерди өчүрүп.

Катуу айтсам, койчу мени кечирип,
Ыраазымын калганыма кезигип.
Мен сендикмин, сан ойлорго салбачы,
Күйүп турган жалынымды өчүрүп.

Байкап сүйлөп, кетпесин деп чекилик,
Айтпайын деп, жаман сөздөн бекинип.
Жагынам деп сага кылган айладыр,
Абайлагын, кийин калба өкүнүп!

О, ЖАРАТКАН, ЖАРДАМ КЫЛ!

Миңдин бири аман калат ректан,
Жүздөн бири аман калат арактан.
Адам өзү себеп болот ооруга,
Ошентсе да жардам берчи, Жараткан!

Адамдар көп туура жолдо бараткан,
Кээ бирлери тегиз жерден адашкан.
Таппай жатат чимирилип айласын,
Түздөп коюп, жардам берчи, Жараткан!

Өмүрүңдүн татаал экен жолдору,
Кокустуктан оюңдан сен адашсаң.

Таап берет туура жолду көрсөтүп,
Пейли таза жакшы адамга жанашсаң.

Байлыгы бар, байысам деп дагы да,
Бийлиги бар, көп адамды караткан.
Кара санап, тарып барат пейили,
Ушундайга ыйман берчи, Жараткан!

АРАКЕЧТИН АРМАНЫ

Эртең менен үйдөн чыгам «цыган» болуп,
Кеч киргенде келемин «туман» болуп.
Кыргыздын төл сөзүндө калабы дейм,
«Алкаш» деген бир сөзү «ураан» болуп.

Кирип келем үйүмө «кыраан» болуп,
Тосуп алат аялым «жылаан» болуп.
Жатып алам кучактап диванымды,
Ичимдикти тараткан «ылаң» болуп.

Билемин ичкиликтен пайда жогун,
Келээрин ден соолукка зыян болуп.
Кечээ эмне болгондорун билбей калып,
Эртеси жер тиктеймин уяң болуп.

Калтырбай көңүлүңдү ичип келдим,
Арагым, калды го дейм план толуп.
Канткенде ажырашам сени менен,
Денеме сиңип калдың «куяң» болуп.

Өскөнү жакшы чөптүн тулаң болуп,
Оттосом ал туланды кулан болуп.
Катар коюп аракты атып салсам,
Колумда автоматтай курал болуп.